**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТҮП РАЙОНУ**
**КАРКЫРА**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТЮПСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**КАРКЫРА**

Каркыра айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын 8- сессиясы

# ТОКТОМ

**18-апрель 2025 ж № 45** **Талды-Суу айылы.**

## "Биримдик" муниципалдык ишканасынын техникаларынын кызмат көрсөтүү тарифтерин бекитүү жөнүндө

"Биримдик" муниципалдык ишканасынын кайрылуусун карап жана талкуулап Каркыра айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Муниципалдык ишкананын техникаларынын кум, шагыл ташуу жана жүктөө боюнча тарифтери төмөндөгүдөй бекитилсин:

Хово техникасы;

-1-рейс кум - аралыгы Жыргалаң карьеринен Корумду айылына чейин күйүүчү майы ичинде -7500 (жети миң беш жүз) сом.

-1-рейс кум - аралыгы Жыргалаң карьеринен Сары-Тологой айылына чейин күйүүчү майы ичинде - 8000 (сегиз миң) сом.

-1-рейс кум - аралыгы Жыргалаң карьеринен жакынкы айылдар үчүн күйүүчү майы ичинде - 5000 (беш миң) сом.

-1-рейс айыл ичиндеги үйлөрдөгү ар кандай калдыктар үчүн күйүүчү майы ичинде -5000 (беш миң) сом.

-Экскаватор техникасы бир саатка күйүүчү майы ичинде 2500 (эки миң беш жүз) сом.

2.Муниципалдык ишкананын калкка кызмат көрсөтүү боюнча техникаларынын тарифтери төмөндөгүдөй бекитилсин:

-Хово техникасы күйүүчү майы ичинде аралыкка жараша саатына 2500 (эки мин беш жүз) сомдон 3000 ( үч миң ) сомго чейин.

- Жүктөгүч (погрузчик) күйүүчү майы ичинде саатына 2000 (эки миң) сом.
- Экскаватор күйүүчү майы ичинде саатына 2000 (эки миң) сом.
- Грейдер күйүүчү майы ичинде саатына 2500 (эки миң беш жүз) сом.
- Катлован жана погреб казганга кубуна 200 сом.

3.Бул токтомду аткаруу жагы "Биримдик муниципалдык ишканасына жүктөлсүн.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин жер жана муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Абдылда у.Т.**